КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2021-жылдын 15-ноябры, № 258

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-ноябрындагы № 520 «Мамлекеттик органдардын ишинин кээ бир маселелери жөнүндө» Жарлыгына ылайык, мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – Агенттик) жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

– Агенттиктин башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык.

2. Мамлекеттик кызматчыларга эмгек акы төлөөнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин төмөнкүлөр белгиленсин:

– Агенттиктин борбордук аппаратында мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдарга эмгек акы төлөө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын борбордук аппаратында мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдар үчүн белгиленген эмгек акы төлөө шарттары боюнча ишке ашырылат;

– Агенттиктин аймактык бөлүмдөрүндө мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдарга эмгек акы төлөө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын аймактык бөлүмдөрүндө мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдар үчүн белгиленген эмгек акы төлөө шарттары боюнча ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасы
Кыргызская Республика
"ГОСУДАРСТВЕННАЯ КАДРОВАЯ СЛУЖБА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ" УЧРЕЖДЕНИЕ
"КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАДР КЫЗМАТЫ" МЕКЕМЕ
ИНН 00511202410136
№ 04/26
25.11.2021 г.ж.
Бишкек



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 15 ноября 2021 года № 258

## О вопросах Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики

В соответствии с Указом Президента Кыргызской Республики «О некоторых вопросах деятельности государственных органов» от 5 ноября 2021 года № 520, в целях осуществления единой государственной политики в сфере государственной службы и местного самоуправления, руководствуясь статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить:

– Положение о Государственном агентстве по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Агентство) согласно приложению 1;

– схему управления Агентства согласно приложению 2.

2. Установить, что до внесения соответствующих изменений в нормативные правовые акты, регулирующие оплату труда государственных служащих:

– оплата труда лиц, занимающих государственные должности в центральном аппарате Агентства, осуществляется по условиям оплаты труда, установленным для лиц, занимающих государственные должности в центральном аппарате Государственной кадровой службы Кыргызской Республики;

– оплата труда лиц, занимающих государственные должности в территориальных подразделениях Агентства, осуществляется по условиям оплаты труда, установленным для лиц, занимающих государственные должности в территориальных подразделениях Государственной кадровой службы Кыргызской Республики.

3. Признать утратившим силу подпункт 4 пункта 3 постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О подведомственных

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы № 116 «Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрү жана уюмдары жөнүндө» токтомунун 3-пунктунун 4-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Торага** **А.У. Жапаров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ №1 КАБИНЕТ МИНИСТРОВ

подразделениях и организациях Министерства сельского, водного хозяйства и развития регионов Кыргызской Республики» от 6 августа 2021 года № 116.

4. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

5. Настоящее постановление вступает в силу со дня официального опубликования.

**Председатель** **А.У. Жапаров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ №1 КАБИНЕТ МИНИСТРОВ

1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары – Агенттик) мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты камсыз кылуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

2. Агенттик Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигине караштуу Аймактык өнүгүү мамлекеттик агенттигинин (жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү функциялар боюнча) укук улантуучусу болуп саналат.

3. Агенттик өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

4. Агенттик юридикалык жактын статусуна ээ, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы жазылган мөөрү бар.

5 Агенттиктин толук аталышы:

– мамлекеттик тилде: «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик»;

– расмий тилде: «Государственное агентство по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики».

Агенттиктин кыскартылган аталышы:

– мамлекеттик тилде: «Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик»;

– расмий тилде: «Агентство по госслужбе и МСУ».

6. Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 122.

## 2. Агенттиктин милдеттери

7. Агенттиктин негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

Приложение 1

**Положение о Государственном агентстве по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

## 1. Общие положения

1. Государственное агентство по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Агентство) является уполномоченным государственным органом, осуществляющим обеспечение единой государственной политики в сфере государственной службы и местного самоуправления.

2. Агентство является правопреемником Государственной кадровой службы Кыргызской Республики и Государственного агентства регионального развития при Министерстве сельского, водного хозяйства и развития регионов Кыргызской Республики (в части функций в сфере местного самоуправления).

3. Агентство в своей деятельности руководствуется Конституцией, законами и иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, а также настоящим Положением.

4. Агентство обладает статусом юридического лица, имеет печать с изображением Государственного герба Кыргызской Республики со своим наименованием на государственном и официальном языках.

5. Полное наименование Агентства:

– на государственном языке: «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги»;

– на официальном языке: «Государственное агентство по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики».

Сокращенное наименование Агентства:

– на государственном языке: «Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча Агенттиги»;

– на официальном языке: «Агентство по госслужбе и МСУ».

6. Юридический адрес: Кыргызская Республика, город Бишкек, проспект Чуй, 122.

## 2. Задачи Агентства

7. Задачами Агентства являются:

1) мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү;

2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын (мындан ары – кызматчылар) укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу;

3) мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү жана оптималдаштыруу;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруу-укуктук жана финансы-экономикалык негиздерин бекемдөөгө көмөктөшүү.

### 3. Агенттиктин функциялары

8. Коюлган милдеттерди аткаруу үчүн Агенттик төмөнкүдөй функцияларды ишке ашырат:

1) тармактык саясат чөйрөсүндө:

– мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды жана башка документтерди, анын ичинде аталган чөйрөлөрдү өнүктүрүү боюнча программалардын, концепциялардын жана башка стратегиялык документтердин долбоорлорун иштеп чыгуу жана макулдашуу;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын тапшырмалары боюнча мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын оптималдаштыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

– жергиликтүү бюджеттин каражаттарын, экономикалык жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте киргизүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, анын ичинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынын жана тескемелеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун жана тескемелеринин талаптарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылышынын абалын изилдөө;

– Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

– мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялары менен өз ара аракеттенүү;



1) совершенствование единой государственной политики в сфере государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

2) обеспечение прав и законных интересов государственных и муниципальных служащих (далее – служащие);

3) совершенствование и оптимизация системы государственного управления и местного самоуправления;

4) содействие в укреплении организационно-правовых и финансово-экономических основ местного самоуправления.

### 3. Функции Агентства

8. Для выполнения поставленных задач Агентство осуществляет следующие функции:

1) в сфере отраслевой политики:

– разработка и согласование нормативных правовых актов и других документов в сфере государственной службы и местного самоуправления, включая проекты программ, концепций и других стратегических документов по развитию указанных сфер;

– по поручениям Президента Кыргызской Республики и Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики разработка предложений по оптимизации системы государственного управления и местного самоуправления;

– разработка и внесение в установленном порядке предложений по эффективному использованию средств местного бюджета, экономических и иных ресурсов;

– изучение состояния исполнения органами местного самоуправления требований Конституции и законов Кыргызской Республики, указов и распоряжений Президента Кыргызской Республики, а также постановлений и распоряжений Кабинета Министров Кыргызской Республики в сфере развития местного самоуправления, в том числе решение вопросов местного значения и делегированных государственных полномочий;

– внесение предложений по совершенствованию административно-территориального устройства Кыргызской Республики;

– взаимодействие с полномочными представителями Президента Кыргызской Республики в областях и местными государственными администрациями по вопросам государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

– подготовка предложений Президенту Кыргызской Республики по формированию и размещению государственного заказа на обучение служащих, координация его реализации, оценка эффективности и результативности обучения;

– кызматчыларды окутууга мамлекеттик заказды түзүү жана жайгаштыруу боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентине киргизүү үчүн даярдоо, анын ишке ашырылышын координациялоо, окутуунун эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун баалоо;

– кызматчынын этика ченемдерин иштеп чыгуу жана этика боюнча комиссиялардын ишин изилдөө;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринин долбоорун иштеп чыгуу;

– региондук резервдерди, муниципалдык резервди, мыйзамдар менен белгиленген башка кадрлар резервин (мындан ары – кадрлар резерви) түзүү жана иштөө механизмдерин, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадрлар резервин түзүүнүн бирдиктүү тартибин иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

– кызмат орундарына типтүү квалификациялык талаптарды иштеп чыгуу, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аларды колдонуу маселелерин координациялоо;

– мамлекеттик каржылоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргелешип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын типтүү түзүмдөрү жана штаттык санынын чеги боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана киргизүү;

– мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө эл аралык келишимдердин долбоорлорун даярдоого катышуу жана эл аралык кызматташтыкты ишке ашыруу;

– саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга класстык чендерди ыйгаруу чөйрөсүндө мыйзамдарга ылайык Агенттикке жүктөлгөн функцияларды ишке ашыруу;

2) колдоо көрсөтүү чөйрөсүндө:

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кирүү үчүн талапкерлерди тестирлөөнү, анын ичинде мыйзамдарда белгиленген учурларда полиграфта тестирлөөнү уюштуруу жана өткөрүү;

– муниципалдык аралык кызматташтык үчүн шарттарды түзүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин өркүндөтүүгө көмөктөшүү, алардын жергиликтүү жамааттардын алдындагы жоопкерчилигин жогорулатуу;

– мыйзамдарда белгиленген учурларда мамлекеттик менчикти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү боюнча иштерге катышуу;

– терс негиздер боюнча ээлеген кызмат орундарынан бошотулган кызматчылардын маалымат базасын түзүү;



– разработка норм этики служащих и изучение деятельности комиссий по этике;

– разработка проекта реестра государственных и муниципальных должностей;

– разработка и реализация механизмов формирования и функционирования регионального резерва, муниципального резерва, других установленных законодательством резервов кадров (далее – резервы кадров), единого порядка формирования резервов кадров государственных органов и органов местного самоуправления;

– разработка типовых квалификационных требований к должностям, координация вопросов их применения государственными органами и органами местного самоуправления;

– разработка и внесение предложений по типовым структурам и предельной штатной численности органов местного самоуправления, совместно с уполномоченным государственным органом в сфере государственных финансов;

– участие в подготовке проектов международных договоров и осуществление международного сотрудничества в сфере государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

– осуществление функции, возложенной на Агентство в соответствии с законодательством, в сфере присвоения классных чинов в отношении лиц, занимающих политические муниципальные должности;

2) в сфере поддержки:

– организация и проведение тестирования кандидатов, претендующих для назначения на государственные и муниципальные должности, в том числе тестирования на полиграфе в случаях, установленных законодательством;

– создание условий для межмуниципального сотрудничества;

– содействие в совершенствовании деятельности органов местного самоуправления, усиление их ответственности перед местным сообществом;

– участие в работе по передаче государственной собственности в муниципальную собственность в случаях, установленных законодательством;

– формирование базы данных служащих, освобожденных от занимаемых должностей по отрицательным основаниям;

– содействие органам местного самоуправления в разработке и реализации программ социально-экономического развития айылных аймаков и городов;

– формирование статистической отчетности в сфере государственной и муниципальной службы;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айыл аймактарынын жана шаарлардын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө статистикалык отчеттуулукту түзүү;

– кызматчыларды аралыктан окутуунун формасын жүзөгө ашыруу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

– мамлекеттик кызматта жана муниципалдык кызматта адам ресурстарын башкаруунун маалыматтык (автоматташтырылган) системасын өркүндөтүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин негизги багыттары боюнча маалымат базасын түзүү жана жүргүзүү, «Санариптик аймак» автоматташтырылган системасы аркылуу мамлекеттик органдарга, башка юридикалык жана жеке жактарга маалыматтарды берүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алардын ишин санариптештирүүгө көмөк көрсөтүү жана санариптик технологияларды колдонууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

– мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча улуттук жана эл аралык деңгээлдерде ар түрдүү уюмдар менен өз ара аракеттенүү;

– мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кадр маселелерин чечүүдө ведомстволук веб-сайтка жана басылмага колдоо көрсөтүүнүн эсебинен маалыматтык жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;

– зарыл чараларды көрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо маселелери боюнча кызматчылардын, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын арыздарын жана даттанууларын кароо;

– мамлекеттик кадр саясаты, мамлекеттик кызматты жана муниципалдык кызматты өтөө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу институтунун иштөө маселелери боюнча мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына консультациялык, методикалык жана маалыматтык жардам берүү;

3) координациялоо жана мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндө:

– белгиленген компетенциянын чегинде кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө мыйзамдарды жүзөгө ашыруу боюнча иш-чараларды аткаруу;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоо боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү;



– осуществление мероприятий по реализации дистанционной формы обучения служащих;

– совершенствование информационной (автоматизированной) системы управления человеческими ресурсами на государственной службе и муниципальной службе;

– формирование и ведение базы данных по основным направлениям деятельности органов местного самоуправления и через автоматизированную систему «Санарип аймак» предоставление информации государственным органам и другим юридическим и физическим лицам;

– оказание содействия органам местного самоуправления в цифровизации их деятельности и внесение предложений по совершенствованию применения цифровых технологий;

– взаимодействие с различными организациями на национальном и международном уровнях по вопросам государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

– обеспечение информационной доступности в решении кадровых вопросов государственным органам и органам местного самоуправления за счет поддержки ведомственного веб-сайта и печатного издания;

– рассмотрение заявлений и жалоб служащих, физических и юридических лиц по вопросам соблюдения законодательства Кыргызской Республики в сфере государственной и муниципальной службы и местного самоуправления для принятия необходимых мер;

– оказание консультативной, методической и информационной помощи государственным органам, органам местного самоуправления, гражданам по вопросам государственной кадровой политики, прохождения государственной службы и муниципальной службы, функционирования института местного самоуправления;

3) в сфере координации и мониторинга:

– в пределах установленной компетенции выполнение мероприятий по реализации законодательства о конфликте интересов;

– мониторинг работы государственных органов и органов местного самоуправления по соблюдению законодательства в сфере государственной и муниципальной службы;

– мониторинг, анализ и оценка функционирования государственной, муниципальной службы и местного самоуправления для принятия решений по их совершенствованию;

– координация вопросов повышения квалификации и переподготовки служащих, и лиц, состоящих в резервах кадров;

– координация донорской помощи в сфере обучения служащих;

– осуществление мониторинга и анализа реализации государственных программ развития местного самоуправления;

– мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өркүндөтүү боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн алардын ишине мониторинг, талдоо жана баалоо жүргүзүү;

– кызматчылардын жана кадрлар резервинде турган адамдардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо маселелерин координациялоо;

– кызматчыларды окутуу чөйрөсүндө донордук жардамды координациялоо;

– жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаларды жүзөгө ашырууга мониторинг жана талдоо жүргүзүү;

– мамлекеттик органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүнө мониторинг жана талдоо жүргүзүү, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү боюнча сунуштарды киргизүү;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына инвестициялоо программаларын жана долбоорлорун жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү, бул максатта эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара аракеттенүү;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка функциялар.

## 4. Агенттиктин укуктары

9. Агенттик өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү укуктарга ээ:

– мамлекеттик кызматты, муниципалдык кызматты жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну андан ары өнүктүрүү жана модернизациялоо боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын кароосуна киргизүү;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарын бузуу менен кабыл алынган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндө сунуштарды киргизүү;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө документтерди иштеп чыгуу үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, башка уюмдардын өкүлдөрүн тартуу;

– мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча мамлекеттик органдар,



– осуществление мониторинга и анализа взаимодействия государственных органов с органами местного самоуправления, внесение предложений по разграничению полномочий государственных органов и органов местного самоуправления;

– содействие органам местного самоуправления в реализации программ и проектов инвестирования, взаимодействуя для этих целей с международными и некоммерческими организациями;

4) иные функции в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

## 4. Права Агентства

9. Для реализации возложенных задач и функций Агентство имеет следующие права:

– вносить на рассмотрение Президенту Кыргызской Республики и Председателю Кабинета Министров Кыргызской Республики предложения по дальнейшему развитию и модернизации государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

– вносить предложения об отмене решений государственных органов и органов местного самоуправления, принятых с нарушением законодательства о государственной и муниципальной службе, местном самоуправлении Кыргызской Республики;

– привлекать представителей государственных органов и органов местного самоуправления, других организаций для разработки документов в сфере государственной и муниципальной службы и местного самоуправления;

– взаимодействовать с государственными органами, органами местного самоуправления, общественными организациями по вопросам государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

– формировать состав регионального резерва, муниципального резерва кадров и иных резервов кадров в соответствии с законодательством;

– проводить мониторинг соблюдения законодательства в сфере государственной службы и муниципальной службы;

– участвовать в составе конкурсных и аттестационных комиссий государственных органов и органов местного самоуправления;

– вносить предложение Президенту Кыргызской Республики, Председателю Кабинета Министров Кыргызской Республики по проведению аттестации лиц, занимающих государственные и муниципальные должности, разрабатывать порядок проведения аттестации;

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенүү;

– региондук резервдин, муниципалдык кадрлар резервинин жана башка кадрлар резервинин курамын мыйзамдарга ылайык түзүү;

– мамлекеттик кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү;

– мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конкурстук жана аттестациялык комиссиялардын курамына катышуу;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарды аттестациялоо боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына киргизүү, аттестациялоо тартибин иштеп чыгуу;

– мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча эл аралык өнөктөштөр менен кызматташуу жана байланыштарды өнүктүрүү;

– кызматчыларды окутуу, квалификациясын жогорулатуу жана тажрыйба алмашуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эл аралык келишимдерди түзүү;

– кызматчыларды комплекстүү окутууну жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу;

– мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, юридикалык жана жеке жактардан алардын карамагындагы маалыматтарды берилген ыйгарым укуктардын чегинде талап кылуу жана алуу;

– мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер жана уюмдар менен өз ара аракеттенүү жөнүндө макулдашууларды түзүү;

– мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткарбаган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерин жоопкерчиликке тартуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына жана башка кызмат адамдарына сунуш киргизүү;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

### 5. Агенттиктин ишин уюштуруу

10. Агенттик жана анын аймактык бөлүмдөрү мамлекеттик кызмат, муниципалдык кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча органдын бирдиктүү системасын түзөт.



– сотрудничать и развивать связи с международными партнерами по вопросам государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

– заключать международные договора в сфере обучения, повышения квалификации и обмена опытом служащих в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

– организовывать комплексное проведение обучения и повышения квалификации служащих;

– запрашивать и получать от государственных органов и органов местного самоуправления, юридических и физических лиц находящиеся в их ведении сведения, в пределах предоставленных полномочий;

– заключать с государственными органами и органами местного самоуправления, общественными объединениями и организациями соглашения о взаимодействии;

– вносить предложение Президенту Кыргызской Республики, Председателю Кабинета Министров Кыргызской Республики и другим должностным лицам о привлечении к ответственности руководителей государственных органов и органов местного самоуправления, не исполняющих требования законодательства Кыргызской Республики в сфере государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления;

– осуществлять иные полномочия, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

### 5. Организация работы Агентства

10. Агентство и его территориальные подразделения образуют единую систему органа по делам государственной службы, муниципальной службы и местного самоуправления.

11. Агентство возглавляет директор, назначаемый на должность и освобождаемый от должности Президентом Кыргызской Республики.

12. Директор:

– осуществляет на основе единоначалия общее руководство деятельностью Агентства и несет персональную ответственность за выполнение возложенных на Агентство задач и функций;

– информирует Президента Кыргызской Республики, Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики о деятельности Агентства;

– участвует в заседаниях и сессиях Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, в заседаниях комитетов и фракций по вопросам, относящимся к его компетенции;

– участвует в заседаниях Кабинета Министров Кыргызской Республики;

11. Агенттикти директор жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

12. Директор:

– жеке башчылык негизде Агенттиктин ишине жалпы жетекчилик кылат жана Агенттикке жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

– Агенттиктин иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына маалымат берет;

– анын компетенциясына кирген маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйналыштарына жана сессияларына, комитеттер менен фракциялардын жыйналыштарына катышат;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жыйналыштарына катышат;

– Агенттиктин компетенциясына кирген маселелер боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коллегияларына катышат;

– директордун орун басарларын кызмат ордуна дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына сунуш киргизет;

– Агенттиктин кызматчыларын жана кызматкерлерин, Агенттиктин аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин жана кызматчыларын кызмат орундарына дайындайт, ротациялайт, кызмат орундарынан бошотот, сыйлайт жана тартиптик жаза колдонот;

– Агенттиктин кызматчыларына белгиленген тартипте класстык чендерди ыйгарат;

– өзүнүн орун басарларынын ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт;

– өз компетенциясынын чегинде буйруктарды, тескемелерди жана башка актыларды чыгарат;

– борбордук аппараттын, аймактык бөлүмдөрүнүн түзүмүн бекитет. Мында директорду дайындоо Агенттиктин түзүмүн өзгөртүү үчүн негиз болуп саналбайт;

– Агенттиктин борбордук аппаратынын, аймактык бөлүмдөрүнүн штаттык ырааттамасын эмгек акы фондунун жана мыйзам менен белгиленген штаттык санынын чегинде бекитет;

– Агенттиктин борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүмдөрүнүн түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет;

– Агенттиктин эмгек акы фондун башкарат;

– Агенттиктин иш планын жана регламентин бекитет;

– кызматчыларды жана башка адамдарды белгиленген тартипте «Мамлекеттик кызматтын отличниги», «Муниципалдык кызматтын



– участвует в коллегиях государственных органов и органов местного самоуправления по вопросам, относящимся к компетенции Агентства;

– вносит представления Председателю Кабинета Министров Кыргызской Республики о назначении и освобождении от должности заместителей директора;

– назначает на должности, осуществляет ротацию, освобождает от должности служащих и работников Агентства, руководителей и служащих территориальных подразделений Агентства, поощряет и налагает дисциплинарные взыскания;

– присваивает в установленном порядке классные чины служащим Агентства;

– распределяет обязанности между своими заместителями;

– издает приказы, распоряжения и иные акты в рамках своей компетенции;

– утверждает структуру центрального аппарата, территориальных подразделений. При этом назначение директора не является основанием для изменения структуры Агентства;

– утверждает штатное расписание центрального аппарата, территориальных подразделений Агентства в пределах фонда оплаты труда и предельной штатной численности, установленных законодательством;

– утверждает положения о структурных подразделениях центрального аппарата и территориальных подразделений Агентства;

– осуществляет управление фондом заработной платы Агентства;

– утверждает план и регламент работы Агентства;

– в установленном порядке награждает служащих и других лиц нагрудными знаками «Отличник государственной службы», «Отличник муниципальной службы», «Отличник местного самоуправления» и иными ведомственными наградами;

– в установленном законодательством порядке представляет сотрудников Агентства к награждению государственными наградами Кыргызской Республики;

– ведет переговоры и в установленном законодательством Кыргызской Республики порядке заключает международные межведомственные договоры по вопросам, относящимся к компетенции Агентства;

– осуществляет иные полномочия, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

13. Директор имеет заместителей, назначаемых на должность и освобождаемых от должности Председателем Кабинета Министров Кыргызской Республики по представлению директора Агентства, которые подчиняются непосредственно директору и организуют деятельность Агентства в пределах возложенных на них обязанностей.

отличниги» жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги» төш белгилери жана башка ведомстволук сыйлыктар менен сыйлайт;

– Агенттиктин кызматчыларын мыйзамдарда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого көрсөтөт;

– сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Агенттиктин компетенциясына кирген маселелер боюнча эл аралык ведомстволор аралык келишимдерди түзөт;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

13. Директордун орун басарлары болот, алар Агенттиктин директорунун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат, алар түздөн-түз директорго баш иет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин чегинде Агенттиктин ишин уюштурат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы өзүнүн демилгеси боюнча Агенттиктин директорунун орун басарын кызмат ордунан бошотууга укуктуу.

14. Эгерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан башка чечим кабыл алынбаса, Агенттиктин директору жок учурда, орун басарларынын ортосунда милдеттердин бөлүштүрүлүшүнө жараша, анын функцияларын директордун орун басарларынын бири аткарат.

## 6. Корутунду жоболор

15. Ишин жүргүзүү үчүн зарыл болгон тийиштүү мүлк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык оперативдүү башкаруу укугунда Агенттикке бекитилип берилет.

16. Агенттиктин жана анын бөлүмдөрүнүн ишин каржылоо республикалык бюджеттин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка каржылоо булактарынын эсебинен жүргүзүлөт.

17. Агенттик республикалык бюджеттен жана тыюу салынбаган башка булактардан түшкөн финансы каражаттарынын эсебин жүргүзөт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык статистикалык, финансылык жана башка отчетторду тапшырат.

18. Агенттикти кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

19. Агенттиктин документтери «Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат.



Председатель Кабинета Министров Кыргызской Республики вправе освободить заместителя директора Агентства по собственной инициативе.

14. При отсутствии директора Агентства исполнение его функций осуществляется одним из заместителей директора, исходя из распределений обязанностей между заместителями, если иное решение не принято Председателем Кабинета Министров Кыргызской Республики.

## 6. Заключительные положения

15. За Агентством на праве оперативного управления в соответствии с законодательством Кыргызской Республики закрепляется соответствующее имущество, необходимое для осуществления его деятельности.

16. Финансирование деятельности Агентства и его подразделений осуществляется за счет республиканского бюджета и иных источников финансирования, не запрещенных законодательством Кыргызской Республики.


17. Агентство ведет учет финансовых средств, поступивших из республиканского бюджета и иных незапрещенных источников, представляет статистические, финансовые и иные отчеты в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

18. Реорганизация и ликвидация Агентства осуществляется в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

19. Документы Агентства хранятся в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном архивном фонде Кыргызской Республики».

2-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин башкаруу схемасы**




Приложение 2

**Схема**
**управления Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

